МАКУЛДАШЫЛДЫ:
ПКнын төрайымы
_______ Шабданбекова Т.М.
«___»___________2021-ж.

БЕКИТЕМИН:
№1 ЖББГИнин
директору___________
Байматов Н.
«___»___________2021-ж.

**Бишкек шаарындагы А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия-интернатынын окуучуларынын сабактагы жүрүм-турум эрежелери**

1.Тарбияlануучулар түнкү мөөнөттөгү тарбиячынын жетектөөсү менен сабакка 15 мүнөт убакыт калган мезгилде жатаканадан окуу корпусуна жөнөтүлөт.

2.Окуу кабинеттери предметтик мугалим тарабынан сабактын башталаарына 10 мүнөт калганда ачылат, ар бир класстын окуучулары сырткы жана спорттук кийимдерин өздөрүнө бекитилген окуу кабинеттерине калтырышат.

3. Окуучулар коңгуроо кагылганга 5 мүнөт калганда окуу парталарынан орун алып, сабакка керектүү нерселердин баарын даярдаш керек.

4. Кечигип калган окуучулар мугалимдин уруксаты менен сабакка киргизилет, тарбиячы кечигүүнүн себеби боюнча жооп берет.
5.Мугалим сабакты кадимки окуу иши үчүн зарыл болгон нерселердин бардыгы: бор, таза доска, жакшылап жууп-сыгылган доска сүртүүчү тряпкалар болгондо гана баштайт. Класс таза жана желдетилип турушу керек. Дежур окуучулар класстын ар бир сабакка даяр болушун камсыз кылышат.
6.Окуучу жумуш ордун расписаниеге ылайык даярдоосу керек. Ар бир сабакта жана сабактын айрым пункттарында (мисалы, өз алдынча, лабораториялык, практикалык жумуштарда) зарыл болгон нерселердин тизмеси мугалим тарабынан аныкталат.
6.1.Окуу китептери менен китептер сырттalган жана таза болуш керек.
6.2.Окуучулардын дептерлери таза, тыкан, туура,титулдук бети толтурулган, сыртталган болуш керек.
6.3.Окуучунун жазуу куралдары төмөнкүдөй болушу керек: калем, жакшы уучталган карандаш, сызгыч, тапшырмаларды аткаруу үчүн керектүү окуу куралдары.
6.4.Атайын гимназия-интернатынын окуучулары үчүн иштелип чыккан күндөлүктөрү сыртталган, таза болушу керек. Күндөлүк окуучу тарабынан так жана өз убагында толтурулуп, класс жетекчиси, тарбиячысы тарабынан текшерилип, жума сайын ата-энелер (же аларды алмаштыруучу жактар) тарабынан кол коюлат.
6.5. Күндөлүктүн үй тапшырмасынын графасы ар бир сабакта мугалимдин жетекчилиги менен конкреттүү, таза, түшүнүктүү жазылышы керек.
7. Кээ бир учурларда окуучу турган жеринен да, отуруп да жооп бере алат. Жооп берүүнүн тартиби мугалим тарабынан аныкталат.
8. Жооп берүүгө чакырылганда күндөлүктү мугалимге баа коюу үчүн өткөрүп берүүгө милдеттүү.
9. Мугалимден окуучулар бир нерсе сурагысы же жооп бергиси келгенде кол көтөрүшү керек.

10. Жооп берип жатып, окуучу катуу, так, жай сүйлөйт.  Доскага тыкан жана түшүнүктүү жазуу талап кылынат.  Плакат, карта, схема аркылуу жооп берүүдө визуалдык материалдын жайгашкан жерине жараша оң же сол кол менен эмне керек экендигин көрсөткүч менен көрсөтүп,түз окуучуларга карап жооп берет
11. Сабак учурунда, мугалим окуучунун абалына, буттарынын жайгашуусуна, баштын кыйшаюусуна байкоо жүргүзүү керек.
13. Ар бир сабакта окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карата физикалык тыныгуу талап кылынган көнүгүүлөрдүн комплексин аткарышы керек.
14.Сабак аяктагандан кийин окуучулар мугалимдин уруксаты менен туруп класстан чыгышат.
15. Окуучулар класста жана сабактан кийин коопсуз жүрүм-турум чараларын билиши жана сактоосу зарыл.
16.Сабак учурунда окуучулар тарабынан бул эрежелер бузулган учурда мугалим бузуучунун күндөлүгүнө тиешелүү эскертүү жазат.
17. Дежур окуучулар тарабынан окуу кабинеттерди сабакка даярдоо иштери жүргүзүлөт.

***Гимназия-интернатта билим алуучуларга катуу тыюу салынат:***

1.Сабак учурунда окуучуларга сабактан сырткаркы маселелерди талкуулап, ызы-чуу чыгарууга, өзүм билемдик менен отурган жеринен туруп кетүүгө, жакын олтурган классташтарын  оюндар жана башка нерселер менен алаксытууга;
2. Сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз класстан чыгууга;
3.Өз алдынча уюлдук телефон колдонууга;
4.Сабакка керексиз материалдар менен өз алдынча алагды болууга;
5.Мугалимдин жумушчу ордундагы материалдарды аралаштырып кароого;
6.Курал, спирттик ичимдиктерди, тамеки, уулу жана наркотикалык заттарды алып келүүгө, бирөөгө же колдонууга;
7.Жарылуучу жана өрт чыгууга алып келүүчү заттарды жана ар кандай каражаттарды колдонууга;
8.Өз ара мамилени жөнгө салуу үчүн бирөөнү уруп салууга, коркутуп-үркүтүүгө, салык салууга;
9.Айлана чөйрөдөгүлөргө коркунучтуу натыйжаларды алып келүүчү иш аракеттерди жүргүзүүгө.